"Альфа Телеком" ЖАК, Бишкек ш., Сүйүмбаев көч., 123, тел,: 996 312 905220, 996555500000 e-mail: pr@megacom.kg,
Эсеп-кысап/э 1091820182530113 Банк "Оптима Банк"ААКтын Бишкек шаардык борбордук филиалы Бишкек ш.
БИК 109018 ОКПО 26611735 ИСН 00406200910056 РСИ 999 ККК боюнча ИСТКБ
Башкы директор Жамангулов А.Ж. КР МБАнын 06.07.09-ж. №09-751-КР, 19.12.14-ж №14-1113,
19.12.14-ж. №14-1133, 01.10.15 №15-1446-КР жана 21.10.15-ж. №15-1433-КР лицензиялары

MegaCom

Жеке эсептин №___________________________

# Байланыш кызматтарын көрсөтүү тууралуу келишими

20__-жылдын " __ " ______________ Калктуу аймак____________________

**"Альфа Телеком" ЖАК** , мындан ары "Оператор" деп аталуучу, 20__ -жылдын "__"________ №_______ ишеним катынын негизинде иш алып барган ыйгарым укуктуу өкүлү__________________________________________аркылуу бир тараптан жана

**Фамилиясы Ысымы Атасынын аты**

| Аб. Номур (MSISDN) | SIM-картанын ICC |
|---|---|
| 9 9 6 | 8 9 9 9 6 0 5 9 5 |
| 9 9 6 | 8 9 9 9 6 0 5 9 5 |
| 9 9 6 | 8 9 9 9 6 0 5 9 5 |
| 9 9 6 | 8 9 9 9 6 0 5 9 5 |
| 9 9 6 | 8 9 9 9 6 0 5 9 5 |

**Инсандыгын тастыктаган документ**

**Серия, №**

**Берилген күн**

**Ким тарабынан берилген**

**Туулган жылы**

**Жашырын сөз (символдордун саны 10дон ашпоосу керек)**

**Эсептешүү формасы**

**Алдын ала**

**Документ боюнча катталган дареги**

**Мен тууралуу маалыматтарды маалыматтык тейлөө тутумунда колдонууга (тактап айтканда мен тууралуу сурап жаткан адамдын аты-жөнүм тууралуу билдирүүсүнөн кийин менин абоненттик номурум боюнча маалыматтарды берүүгө) жана жарыяланып жаткан маалымдамаларда аты-жөнүмдү жана абоненттик номурумду көрсөтүүгө (эгерде толтурулбаса, макул эместигин билдирет):**

☐ **Макулмун** ☐ **Макул эмесмин**

мындан ары «Абонент» деп аталуучу экинчи тараптан байланыш кызматтарын көрсөтүү тууралу ушул Келишимди түзүштү.

Аталган Келишим тараптар тарабынан ага кол коюлгандан тарта күчүнө кирет жана 20___ж"___"_______________чейин аракетте болот, эгерде ай/күнү көрсөтүлбөсө, келишим аныкталбаган мөөнөткө түзүлгөн.

## Байланыш кызматтарын көрсөтүү тууралуу

**1.ЖАЛПЫ ШАРТТАР**

1.1. Аталган Келишим Оператор тарабынан байланыш кызматтарын көрсөтүүдө Оператор менен Абоненттин ортосундагы мамилелерди жөнгө салат.

1.2. Келишимде колдонулуучу терминдердин түшүндүрмөлөрү:

«Байланыш кызматтары» - Операторго берилген лицензиянын талаптарына шайкеш Абонентке көрсөтүлүүчү кыймылдуу радиотелефон байланыш кызматтары, телематикалык кызматтар, маалымат берүү тармактарындагы кызматтар жана башка кызматтар; «Негизги кызматтар» - тандап алган тарифтик планынын алкагында Абонентке көрсөтүлүүчү кызматтар; «Кошумча кызматтар» - технологиялык жактан уюлдук байланыш менен тыгыз байланыштуу болгон жана алардын керектөө баалуулугун жогорулатууга багытталган Оператор же үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар; "Тарифтик опциялар" – Абоненттин тарифтик планына карата милдеттүү болбогон, тарифтин белгиленген чоңдугун белгилеген, кошулуунун өзүнчө наркына жана абоненттик акыга ээ болгон, көлөмдү чектөөсүз же белгиленген кызмат көрсөтүүлөрдүн алкагында пайдаланылган кызмат көрсөтүүлөр; "Терминалдык жабдуу" – байланыш тармагына туташтырылып, Абонент менен байланыш тармагынын өз ара аракеттешүүсүн камсыздаган техникалык каражат.

1.3. Байланыш кызматтарын көрсөтүүнүн шарттары, наркы жана тизмеги Оператор тарабынан тарифтик планда, Кошумча кызматтардын жана тарифтик опциялардын шарттарында аныкталат.

1.4. Байланыш кызматтары тууралуу маалымат Оператор же үчүнчү жактар тарабынан Оператордун же үчүнчү жактардын веб-сайттарында жана массалык маалымат каражаттарында же жарнамалык материалдарда жалпы жарыя-сунуш катары жайгаштырылат.

1.5. Абоненттин белгиленген номурларды терүү аркылуу тапшырык кылынган кызматтардан пайдалануусу, Абоненттин байланыш кызматтарынын тарифтерине жана байланыш кызматтарын көрсөтүүнүн шарттарына, аталган байланыш кызматтарынан пайдаланууга жана пайдалангандыгы үчүн тиешелүү төлөм жүргүзүүгө макул экендигин билдирет.

1.6. Келишим алкагында ар бир Абоненттик номурга жеке эсеп ыйгарылат.

**2. АБОНЕНТТИН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ**

**2.1. Абонент милдеттүү:**

2.1.1. Абоненттик номурду аталган Келишим боюнча байланыш кызматтарынан пайдалануу максатында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкеш болгон учурда колдонууга жана банктык операцияларга мунөздүү болгон операцияларды жүргүзбөөгө;

2.1.2. Ушул Келишимди түзүү учурунда Операторго Абонентке тиешелүү болгон так маалыматтарды берүүгө;

2.1.3. SIM-картаны укуксуз же кылмыштуу жол менен пайдалануунун алдын-алуу боюнча бардык чараларды көрүүгө жана SIM-картадагы идентификациялык техникалык маалыматтарды көчүрүп алуу аракеттерин көрбөөгө жана колдонууда жок төлөм карталарын активдештирбөөгө;

2.1.4. Оператор менен болгон техникалык жана башка өз ара катнаштар үчүн пайдаланылуучу жашырын сөз, жеке эсептин (-тердин) номуру жана жана башка маалымдarектерди үчүнчү жактарга бербөөгө;

2.1.5. Терминалдык жабдууга тиешелүү программалык камсыздоону жана вируска каршы программаларды орнотуу менен өз мобилдик жабдуусун вирустардан жана программалык камсыздоону жана операциялык системаны иштен чыгаруучу программалардан (мындан ары-вирус) коргоо чараларын көрүүгө.

**2.2. Абонент укуктуу:**

2.2.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн учурларда жана мөөнөттөрдө Операторго доо талаптарын коюуга;

Байланыштын сапатына байланыштуу келип чыккан доо талаптар Абонент тарабынан ошол замат билдирилүүсү керек. Доо талаптарды карап чыгуу мөөнөтү - 30 календардык күндү түзөт;

2.2.2. Оператордун тейлөө борборуна келип же телефон чалып, жана да терминалдык жабдуусунан тиешелүү буйрууларды терүү аркылуу кошулган байланыш кызматтарынын көлөмүн же тизмегин өзгөртүүгө (тарифтик план, тарифтик опциялар, кошумча кызматтар);

2.2.3. Келишимдин алкагында бир же бир нече абоненттик номурду колдонууга болот. Кошумча абоненттик номурларды алуу үчүн Абонент жазуу жүзүндө арыз берүүсү керек;

2.2.4. Жазуу жүзүндө арыз берип же терминалдык жабдуусунан тиешелүү буйрууларды терүү аркылуу Абоненттик номурун башка бош номурга алмаштырууга;

2.2.5. Жазуу жүзүндөгү арыз жана Оператор тарабынан белгиленген башка жолдор менен тармак ичинде жайылтылып жаткан жарнамаларды алуудан баш тарта алат. Оператор жана анын кызматтары тууралуу маалыматтар жарнамага кирбейт. Келишимге кол коюу менен жарнамаларды алып турууга макулдугун билдирет;

2.2.6. Абонент төмөндөгүлөргө макул:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген шартта ал тууралуу маалыматтарды карызды төлөө маселелерин чечүүгө байланыштуу үчүнчү жактарга берүүгө; ошондой эле карызгер-Абоненттин өзүнө алынган милдеттенмени аткаруусу боюнча маалыматты топтоого, иштеп чыгууга жана берүүгө;

-- үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлүүчү байланыш кызматтарына жетки берүүгө (анын катарына контент-кызматтарды жана эсептешүүнүн аванстык ыкмасы үчүн алдын ала төлөнүүчү роумингди кошууга болот).

**2.3. Абонент жооптуу:** аталган Келишимдин шарттарын талапка ылайык аткарбагандыгы үчүн, Абоненттин терминалдык жабдуусунан жана SIM-картасынан, ошондой эле Интернет кызматтары аркылуу аралыктагы жеткинин жардамы менен жөнөтүлгөн Оператордун жана үчүнчү жактардын даректерине келген бардык кайрылуулар үчүн, анын ичинде интернет-кызматтары аркылуу аралыктагы жеткинин жардамы менен, мындан тышкары Абоненттин мобилдик жабдуусунан вирустун таасири менен аткарылган үн чалуулары жана жөнөтүлгөн билдирүүлөр үчүн.

**3.ОПЕРАТОРДУН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ**

**3.1. Оператор милдеттүү:**

3.1.1. Аталган Келишимдин шарттарын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген талаптарды тиешелүү негизде аткарууга;

3.1.2. Оператордун жоопкерчилик аймагындагы Кызмат көрсөтүүлөрдөгү кемчиликтерди алардын келип чыккан жана/же аныкталган убактысынан тарта 3 күндөн ашпаган мөөнөттө жоюуга.

**3.2. Оператор укуктуу:**

3.2.1. Кызмат көрсөтүү шарттары, тарифтик план жана тарифтик опциялар Оператор тарабынан өзгөртүлгөн учурда жалпыга маалымдоо каражаттары, анын ичинде Оператордун Интернет сайты, же SMS-билдирүүлөр же башка мүмкүн болгон ыкмалар аркылуу тиешелүү өзгөртүүлөр колдонууга киргизилгенге чейинки 10 календардык күн аралыгында Абонентке маалымдалууга тийиш. Эгерде өзгөртүү күчүнө киргенден кийин Абонент Оператор көрсөткөн кызматтардан пайдаланууну уланткан болсо өзгөртүүлөр Абонент тарабынан кабыл алынган болуп саналат;

3.2.2. Абоненттин аракеттеги тарифтик планына ылайык өчүү чегине жеткен айрым учурларда, техникалык же башка себептер боюнча Абонентке кызматтарды көрсөтүүнү улантууга;

3.2.3. Кызматтар тизмегине өзгөртүүлөрдү киргизүү, маалымат алуу же даттануу максатындагы Абоненттин Операторго кайрылууларын каттоого алууга;

3.2.4 Цензуралык эмес лексиканы же адистердин дарегине одоно сөздөрдү колдонгон учурда Абонентке Оператордун маалымат-билүү кызматына чалууга чектөө коюуга.

**3.3. Оператор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жооптуу болот.** Байланыш кызматтарын көрсөтүүдөгү келишимдин олуттуу (кыйла) бузуунун натыйжасында пайда болгон Оператордун жоопкерчилиги Оператордун күнөөсү аныкталган учурда пайда болот жана кызматтар көрсөтүлбөгөн убакытка жараша айлык абоненттик төлөмдүн же башка милдеттүү түрдөгү айлык төлөмдүн суммасынан ашпоосу керек. Абонентке кызмат көрсөтүлбөй калган факты кагаз жүзүндө тастыкталган болушу керек.

**3.4. Оператор төмөндөгүлөр үчүн жооптуу эмес:**

Оператордун түйүнү аркылуу берилген телефон сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн мазмуну үчүн, ошондой эле ушул билдирүүлөр аркылуу келтирилген зыяндар үчүн, Оператордун тармагы аркылуу үчүнчү жактар көрсөткөн кызматтар жана/же алардын төлөмдөрү үчүн жана да Операторго көзкарандысыз себептер жана кырдаалдарга байланыштуу байланыш кызматтарынын үзгүлтүккө учурашы үчүн.

**4. КӨРСӨТҮЛГӨН БАЙЛАНЫШ КЫЗМАТТАРЫ ҮЧҮН ТӨЛӨМ**

4.1. Оператор Абонент тарабынан тандалып алынган кызматтардын тизмегинде каралган төлөмдөр жана SIM-картаны кошуу үчүн төлөм Оператордун эсебине келип түшкөндөн кийин кызмат көрсөтө баштайт.

4.2. Абоненттин балансында карыз бар болгон учурда аванстык төлөмдөр биринчиден Абоненттин жеке эсебиндеги карыздарды жабуу үчүн пайдаланылат, карыз жабылган соң аванстык төлөмдүн калган бөлүгү оң калдык катары топтолот жана кызматтардан пайдаланууга жараша колдонулат.

4.3. Абонент Оператордун каптоо аймагынан тышкары жүргөн учурда, тарифтик планда, тарифтик опцияда же кошумча кызматтардын шарттарында белгиленген абоненттик төлөмдөрдү төлөөнү улантат.

4.4. Келишим жокко чыгарылган учурда, Абоненттин жеке эсебинде оң баланс болгон болсо, Оператордун салыктар жана жыйымдар түрүндөгү, контрагенттер менен эсептешүүлөрү боюнча тарткан чыгымдарын кармап калуу менен Оператор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мөөнөттө жана тартипте Абоненттке акча каражаттарын кайтарып берет. Оператордун кызматтарынан пайдалангандыгы үчүн же Абоненттик номурдан кыянаттык менен пайдалануунун негизинде (банктык операцияларга мүнөздүү операцияларды аткаруунун эсебинен оң баланс топтолгон учурда) жеке эсепке чегерилген каражаттар Оператор тарабынан кайтарылып берилбейт.

4.5. Абоненттин бир нече жеке эсеби болгон учурда, Оператор Абоненттин бир жеке эсебиндеги каражатты Абонентке таандык болгон башка жеке эсебиндеги карызын жоюу үчүн жумшоого укуктуу.

4.6. Көрсөтүлгөн байланыш кызматтары үчүн биллингдик эсепти Абонентке e-mail аркылуу жөнөтүү үчүн Абонент өз терминалдык жабдуусунан атайын буйрууну терүү аркылуу тиешелүү кызматты кошуусу керек.

4.7. Номурда алдын ала төлөнүүчү роуминг кызматы кошулган учурда, чек арага жакын болгон аймактарда Абоненттин терминалдык жабдуусу чет өлкөлүк оператордун тармагында катталып, чалуулар роумингде аткарылгандай болуп тарифтелиши мүмкүн.

4.8. Аталган келишимдин 2.2.2. пунктуна ылайык Абонент тарабынан киргизилген бардык өзгөртүүлөр аракеттеги тарифтерге ылайык тиешелүү кызматтар үчүн Абонент төлөм жүргүзгөндөн кийинки күндөн кечиктирилбестен киргизилиши керек.

**5. КЕЛИШИМДИ ТОКТОТУУНУН ЖАНА БУЗУУНУН ШАРТТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ**

5.1. Абонент кат жүзүндө арыз менен кайрылып, Оператор менен бардык эсеп-кысабын тактоодон(эсептешкенден) кийин Келишимди аткаруудан баш тарта алат.

5.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген учурларда Оператор тарабынан Байланыш кызматтарын көрсөтүү токтотулат.

5.3. Эгерде Келишим алкагында бир жеке эсеп ачылган болсо, келишим төмөнкү учурларда бузулган болуп эсептелет:

- Абоненттик жеке эсебине оң баланс суммасына чейин акча каражаттын түшпөгөндүгү, Кызматтардан пайдаланууну токтотуудан 180 календардык күн өткөнгө чейин,

-Абонент тарабынан 180 календардык күн ичинде байланыш кызматтарынан пайдаланылбагандыгы.

5.4. Эгерде келишим алкагында бир нече жеке эсеп ачылган болсо, Келишимдин ошол жеке эсеп (абоненттик номур) бөлүгүн аткаруудан баш тартуу болуп эсептелет.

**6. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР**

6.1. Аталган Келишимге кол коюу менен Абонент Оператордон SIM-картаны, байланыш кызматтарынан колдонуу үчүн зарыл болгон нускамаларды жана коддорду алгандыгын жана кыймылдуу радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүү Эрежелери, Абонент тарабынан тандалган тарифтик план жана кошумча кызматтардын тарифтери, Оператордун тейлөө аймагы менен тааныш экендигин тастыктайт.

6.2. Аталган Келишим боюнча келип чыккан талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш каралат.

6.3. Аталган Келишимде каралбаган башка учурларда, Тараптардын иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жетекчиликке алынат.

6.4. Аталган Келишим эки түпнускада түзүлгөн - ар бир тарап үчүн бирден нускада берилет.

6.5. Абонент ушул Келишимге кол коюу менен, кол коюлган Келишимдин электрондук версиясы – Оператордун нускасы Келишимдин кагаз түрүндөгү түпнускасы менен бирдей экендигине макулдугун билдирет.

**АБОНЕНТ:**__________________________________________

Аталган келишимге киргизелген маалыматтар ментараптан текшерилди жана алардын тууралыгын тастыктайм. Келишимдин шарттары менен таанышмын

МО,
Аты-жөнү

**ОПЕРАТОР:**_______________________________________